“Бекитемин”
ОшМУнун окуу иштери
боюнча проректору
________________Омуров Н.
________________2023-жыл

**КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮНҮН 2023-2026-ЖЫЛДАРГА КАРАТА**

# СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ПЛАНЫ

**(Филологиялык билим берүү багыты: 550300)**

**Ош - 2023**

**Факультеттин стратегиялык максаттары:**

- Филология, филологиялык билим берүү, журналистика тармактарында сапаттуу профессионал адистерди даярдоочу билим берүү уюму катары заманбап билим берүү системасын өркүндөтүү;
- Филология жана филологиялык билим берүү жаатында фундаменталдуу, прикладдык илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү;
- Илимий-изилдөөлөрдү практикага айкалыштыруу менен филология жана филологиялык билим берүү багытында атаандаштыкка туруктуулукту камсыздоо;
- Чет элдик өнөктөштөр менен эл аралык байланыштарды бекемдөө;
- Билим берүү процессинде инсандын профессионалдык жана чыгармачылык өсүп-өнүгүүсүнө шарттарды түзүү.

**1-милдети.** Изилдөөнүн сапаты

**Коомдун негизги маселелерин чечүү үчүн фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү**

Илимий жана билим берүүү ишмердүүлүгүндөгү илимий-техникалык өнүгүү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн процесстери туруктуу этаптар менен өсүү жолуна коюлган. Илимди өнүгүү жолуна түшүрүү, албетте, билим берүү системасынан түздөн-түз байланышкан. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн потенциалы – жогорку окуу жайлардын илим жана билим бреүүүсү менен тыгыз байланыштуу.

Бул үчүн факультетте төмөндөгү иш-аракеттер болууга тийиш:

1. Изилдөөлөрдүн сапатын жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу;
2. Изилдөө жүргүзүү үчүн зарыл болгон инфраструктураны чыңдоо;
3. Өнүккөн өлкөлөрдүн илимий тажрыйбаларын алуу менен аларды пайдалана билүү;
4. Эл аралык контексте PhD программаларын классификациялоо жана жайылтуу;
5. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана илимий-техникалык кадрларды өркүндөтүү, окуу процессинде алынган илимий изилдөө иштери боюнча практикалык тажрыйбанын деңгээлин жогорулатуу;
6. Илим жана билим берүү чөйрөсүнө татыктуу кадрларды тартуу менен консолидациялоо;
7. Илимий кызматкерлерди даярдоодо фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө илимий уюмдардын, университететтин бюджеттик каражаттарын, кадрдык, маалыматтык жана

материалдык- техникалык ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

**2-милдети. Долбоордук иш**

**Улуттук жана эл аралык контекстте илимий долбоорлордун ишин колдоо**

“Компетенттүүлүк” бул илим чөйрөсүнүн үзгүлтүксүз өнүгүүсүнүн, билимдердин, методдордун тынымсыз жаңылануусунун шарттарында инсандын алган билимдерин, көндүмдөрүн жана практикалык тажрыйбасын, кесиптик көйгөйлөрүн чечүү үчүн колдонуу жөндөмдүүлүгү ж.б. дегенди түшүндүрөт.

Компетенттүүлүктүн модели “изилдөө” компетенциясын гана эмес, ишаракеттердин башка тармактарынын компетенттүүлүгүн, ошондой жле илимий жана техникалык ишкердикти, илимий чөрөдө бакарууну, жогорку билим берүүнү окутууну ж.б. камтыйт.

Компетенциялардын бардык комплексин өнүктүрүүдө, албетте, бир нече окумуштуулардын жамааты тартылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш, ансыз натыйжага жетишүү мүмкүн эмес.

| **Компетенттүлүктүн өнүгүү деңгээли** | **Деңгээлге ылайык иш-аракеттердин мүнөзү** | **Жеке адамдын квалификациясынын тиешелүү деңгээлинин белгилери** |
|---|---|---|
| Башталгыч | Жогорку квалификациялуу адистин жетекчилигинде (байкоосунда) иштейт, өз билимин терендетет жана кеңейтет, методдорду өздөштүрөт | Жогорку билим (адис, магистр даражасы) |
| Өркүндөтүлгөн | Өз алдынча иштейт жана -же чакан коллективдин ишин уюштурат, алынган илимий натыйжалар үчүн жооп берет. | Тастыкталган илимий квалификация (илимдин кандидаты даражасы же анын эквиваленти) |
| Жогорку | Илимий билимдердин чектерин кеңейтүүгө, жаңы технологияларды (ыкмаларды) алууга багытталган тапшырмаларды түзөт жана аларды ишке ашырууну уюштурат (анын ичинде көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү); натыйжалардын коюлган милдеттерине ылйыккелиши үчүн жооп берет | Илимдин кандидаты даражасы жана илимий тармакта кабыл алынган иш тажрыйбасы (тектеш тармактарда) же илимдин доктору даражасы |
| Эң жогорку | Артыкчылыктарды аныктайт, команданын максаттарын жана | Илимий даража жана илимий чөйрөдө (тектеш тармактарда) олуттуу иш тажрыйбасы (анын |

| | | |
|---|---|---|
| | стратегиялык милдеттерин төзүт (ресурстар, анын ичинде персонал, өз ара аракеттенүү, уюштуруу жана көзөмөлдөө) | ичинде уюштуруучулук жана башкаруучулук) |

**3-милдети. Сапаттуу окутуу**

**Адамдардын жана коомдун керектөөлөрүн эске алуу менен программалардын каталогунда сапатты жана инновацияны алдыга жылдыруу**

Коомду өнүктүрүү билимдүүлөрдүн колунда. Андыктан ар бир жарандын билимдүү болуусу зарыл. Билим берүү уюмдары окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетүүнү биринчи орунга коюулары керек. Студенттер күткөн тейлөөнүн, билим берүүнүн сапатын камсыз кылууну жана аларды билим алууга кызыктыруунун ар кандай жолдорун табуу учурдагы билим берүү уюмунун милдети болуп саналат.

Кыргыз филологиясы жана журналистка факультети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Мамлекеттик билим берүү стандарттын жогорку кесиптик билим берүү боюнча “Филологиялык билим берүү” багытында кыргыз тили жана адабияты профили боюнча эрежелерди, нормаларды жетекчиликке алуу менен өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

МБСтин негизинде билим берүүнү башкаруу системасын (МБС КЖББ) киргизүүдөн факультет үчүн потенциалдуу пайдалар төмөнкүлөр болуп саналат:

1. максаттады жана аракеттерди заман талабына жакшыраак шайкеш келтирүү (анын ичинде миссия жана реалдуу көрүнүш);

2. бардыгы үчүн инклюзивдик жана адилеттүү, сапаттуу билим берүү аркылуу социалдык жоопкерчиликти күчөтүү;

3. өз алдынча жеке иштөөгө көнүктүрүү жана бардык билим алуучуларга, өзгөчө билимге муктаждыгы бар студенттерге натыйжалуу көңүл буруу, дистанттык окутуу жана өмүр бою билим алууга мүмкүнчүлүгү;

4. натыйжалуулукту жана эффективдүүлүктү көрсөтүү жана жакшыртуу үчүн макулдашылган баалоо процесстери жана инструменттери;

5. уюштурууга ишенимди жогорулатуу жана аны өркүндөтүүнүн маданияты;

6. кызыкдар тараптардын катышуусун камсыздоо менен күн сайын жогорулатуу;

7. мыктылыкка жана инновацияга көмөк көрсөтүү;

8. сыймыктуу бүтүрүүчүлөрдүн асоссациясын түзүү.

**4-милдети. Жагымдуулук**

**Билим берүү чөйрөсүнүн жагымдуулугун жана эл аралык аспектин жогорулатуу**

Жогорку билим берүүнүн экспорттук потенциалын өнүктүрүү университеттин маанилүү стратегиялык багыттарынын бири болгондуктан, факультеттин кадырын көтөрүү максатында чет өлкөлөрдөн студенттерди кабыл алуу жана окутуучу-профессордук курамдын чет өлкөлөрдөгү ЖОЖдорго барып лекцяларды окуусуна өбөлгө түзүү иштерин уюштурулуу. Илим менен билим берүүнүн глобалдык өнүгүү процесстерине катышуу социалдык-экономикалык жана геосаясий кызыкчылыктарды жүзөгө ашырууга көмөктөшүү.

Буларды ишке ашыруу үчүн факультет төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

1. кесипке багыт берүү иш чараларын өткөрүү аркылуу таланттуу студентетрди табуу;

2. чет өлкөдөн келген таланттуу студенттерди табуу менен алардын санын көбөйтүү жана алардын географиялык аймагын диверсификациялоо;

3. окуу чөйрөсүнүн эл аралык аспектисин, көп тилдүү жана маданияттар аралык саясатын бекемдөө;

4. билим берүү чөйрөсүнө эл аралык стратегиялык келшимдерге жана өнөктөштөргө көмөк көрсөтүү.

**5-милдет. Студенттер**

**Студенттерге жогорку билим алуу укугу боюнча саясатын колдоо жана аларга кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу**

Факультет билим берүү продуктыларын жана кызматтарын долбоорлоону иштеп чыгууну жана күтүлүүчү натыйжаларды пландаштырат.

Анын ичинде:

1. Окутуунун натыйжалары;

2. Окутуунун ылайыктуу, жеткиликтүү ыкмаларын жана окуу шарттарын камсыз кылат;

3. Окуунун баалоо критерийлерин аныктайт;

4. Окууну баалайт;

5. Жакшыртуу ыкмаларын аныктайц жан ишке ашырат;

6. Көмөкчү кызматтарды көрсөтөт.

Факультет төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

а) студенттер үчүн оптималдуу окуу жана жашлл шарттарын камсыз кылуу үчүн каралган кызматтарды модернизациялайт;

б) аз камсыз болгон студенттердин келишимдик суммаларына жеңидиктерди кароону университеттин тиешлүүү бөлүмдөрүнө билдирет;

в) өзгөчө муктаждыктарын эске алуу менен кабыл алынуучу, окуп жаткан жана окуудан четтелтилген студенттер үчүнкесиптик багыт берүүнү жакшыртат;

г) студенттерди академиялык турмушка көбүрөөк тартууга көмөктөшөт.

**6-милдети. Жайылтуу**

**Илимий жана маданий иш-чараларды жайылтуу**

Учурда илимдин өнүгүшүнүн деңгээли коомдун жана бүткүл мамлекеттин социалдык, маданий өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Демек, илимди коомдук аң сезимде чагылдыруу маселелери, карааттар жана формалар, ошондой эле анын образын оңдоо куралдары маанилүү жана актуалдуу бойдон калууда.

Факультеттин негизиги маселелери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-жаштарды илимий, илимий-техникалык жана инновациялык иштерге тартуу;

-илимдин, көрүнүктүү окумуштуулардын, инженерлердин технологиялык жана инновациялык ишмердүүлүгүнүн кадыр-баркын көтөрүү;

-мугалимдердин, студенттердин, административдик-техникалык персоналдын илимий илимий-популярдуу жана маданий агартуу демилгелерин түзүү жана ишке ашыруу, ошондой эле билимге калктын мектеп жашындагы катмарын тартуу, ал маселелерди ьиргелешип иштеп чыгуу;

-бүтүрүүчүлөрдүн жана кызматкерлердин кесиптик билимдер фондун түзүүгө салым кошуу, факультет менен коомдун ортосундагы тармактарды өнүктүрүү.

**НББПнын 2023-2026-жылдардагы өнүгүү планы**

| № | НББПны өнүктүрүүнүн стратегиялык милдеттери | Аткаруу мөөнөтү | Бул милдеттерди аткаруу үчүн пландаштырылган иш-чаралар | Милдеттерге жетишүүнүн көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | НББПнын стейкхолдерле-ринин базасын түзүү, жаңылап туруу. | 2023-2026 | 1. Кызыкдар тараптар менен жолугушууларды уюштуруу;<br>2. Бүтүрүүчүлөр ассоциациясын түзүү. | • Кызыкдар тараптардын тизмелери;<br>• жолугушуулардын протоколдору;<br>• сурамжылоолор. |
| 2. | Стейкхолдерлер дин сунуш-талаптарын эске алып, НББПга | 2023-2026 | 1. Кызыкдар тараптардын суроо-талаптарын аныктоо үчүн анкеталарды түзүү, жолугушууларды уюшту- | • Кызыкдар тараптардан алынган анкеталар;<br>• НББПнын максаттары, окутуу натыйжалары; |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өзгөртүүлөрдү киргизип туруу. | | руу, анкеталарды талдоо;<br>2. ОшМУнун миссиясын жана стейкхолдерлердин талаптарын эске алып, НББПнын максаттарын, окутуу натыйжаларын карап чыгуу;<br>3. ОПКнын отчетторун талкуулоо;<br>4. НББПны анализдеп туруу. | • Жумушчу топтун отурумдарынын, кафедралардын, Окумуштуулар кеңешинин жыйындарынын протоколдору;<br>• Компетенциялардын матрицалары. |
| 3. | НББПнын керектөөчүлөрүнүн канааттанууларын аныктап туруу. | | • Магистрлердин канааттанууларын аныктап туруу;<br>• Жумуш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн канааттанууларын аныктоо максатында жолугушууларды уюштуруу. | Стейкхолдерлердин канааттанууларын аныктоочу анкеталардын бланкалары.<br>Алынган анкеталардын анализдери. |
| 4. | Элективдүү курстардын каталогун түзүү жана кеңейтүү | 2023-2026 | • Студентердин керектөөлөрүн аныктоо;<br>• Иш берүүчүлөрдүн керектөөлөрүн аныктоо;<br>• Керектөөлөргө ылайык дисциплиналарды иштеп чыгуу. | Элективдүү курстардын окуу-методикалык комплекстери |
| 5. | ОПКнын квалификациясын жогорулатуу | 2023-2026 | • ОПКнын ишмердүүлүгүн баалоо боюнча иштерди жүргүзүү;<br>• НББПнын мазмуну, окутуунун натыйжалары, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптары боюнча семинар-тренингдерди уюштуруу;<br>• Окутуунун жаңы технологиялары боюнча семинарларды уюштуруу. | • өз ара сабактарга катышуулардын, ачык сабактарды өткөрүүнүн графиктери, кафедраларда талкуулангандыгын тастыктаган протоколдор; методикалык кеңештин протоколдору;<br>• семинар-тренингдердин программалары,<br>• сертификаттар |
| 6. | Материалдык-техникалык базага мониторинг жүргүзүп туруу | 2023-2026 | • Студенттер үчүн илим-изилдөө борборун түзүү;<br>• Аудиторияларды интерактивдүү доскалар, проекторлор ж.б.ОТК менен камсыздоо;<br>• Кафедралардын материалдык-техникалык базасын жаңылоо. | • Илим-изилдөө борбору<br>• Компьютерлер<br>• ОТК |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Библиотекалык фондду толуктап туруу | Жыл сайын | • Библиотекалардагы НББПга тиешелүү китептердин базасын түзүү;<br>• Электрондук китептерди түзүү;<br>• Дисциплиналарга керектүү китептерди камсыздоо. | • ОшМУнун библио-текасындагы НББПга тиешелүү китептердин тизмеси;<br>• Жаңы китептерди алууга берилген билдирүүлөр;<br>• Келип түшкөн жаңы китептер жөнүндө маалымат;<br>• Электрондук китептер. |
| 8. | Студентердин окутуу натый-жаларына жетишүүлөрүн камсыздоо | 2023-2026 | • Дисциплиналардын ОМКларын өркүндөтүү;<br>• Ийримдерди уюштуруу; | • Дисциплиналардын ар бир окуу жылындагы ОМКлары;<br>• Кружоктордун иш пландары |
| 9. | Окутуучулар-дын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруп туруу | 2023-2026 | • Окуу жайлардагы академия-лык айырмачылыктарды тактоо;<br>• Кыргызстандагы окуу жай-лардын ортосунда студент-тердин жана окутуучулар-дын академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу;<br>• Академиялык мобилдүүлүк-кө келген, барган студент-тердин канааттануууларын аныктап туруу. | 1. Башка окуу жайлардын окуу пландары;<br>2. Академиялык мобилдүүлүктүн уюштурулушу боюнча буйруктар, сертификаттар |
| 10. | Баалоо каражаттарын жакшыртуу, өркүндөтүү. | 2023-2026 | • НББПнын БКФсын түзүү;<br>• БКФны баалоонун проце-дураларын, критерийлерин конкреттештирүү. | Дисциплиналардын БКФлары<br>НББПнын БКФсы |
| 11. | Студенттер менен жүргүзүлүүчү илимий иштерди жакшыртуу | Жыл сайын | • Илимий жетекчилер менен тыгыз байланышта болуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;<br>• Студенттерди илимий конференцияларга тартуу;<br>• Белгилүү окумуштуулар менен конок-лекцияларды уюштуруу. | • Кружоктордун иш пландары,<br>• Конференциялардын жыйнактары;<br>• Факультеттин сайтындагы материалдар. |

Факультеттин деканы, доц. Турганбаев Н.О.